
Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү доцент Н. Аркабаев жана окутуучу А. Абдирасуловдор ИСТ жана ЭТАСПК адистиктеринин студенттерин **программалоо тилдери боюнча олимпиадага даярдоого** жооптуулук милдетти аткарышат.





**2017**-жылдын 15-апрелинде Жалал-Абад шаарында Жалал-Абад коммерциялык университетинде өткөн регионалдык олимпиадада кафедранын доценти Н. Аркабаевдин жетекчилиги менен барган студенттер Султаналиев Максатбек (ИСТ(б)-1-13), Валижанов Данияр (ПОВ(б)-1-13) жана Ибрагимов Рахматилло (ПОВ(б)-2-14Р) биринчи орунду алып келишти.

**2018**-жылдын 14-апрелинде Ош шаарында Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда өткөзүлгөн Түштүк аймагы боюнча жогорку окуу жайларынын студенттеринин VII аймактык предметтик олимпиадада кафедранын доценти Н. Аркабаевдин жетекчилиги менен барган студенттер Тажибаев Бекболот, Ибрагимов Рахматилло, Абдуллаев Тимурлан I орунду алып келишти.

**2018**-жылдын 24-октябрында Өзбекистан Республикасынын Андижан мамлекеттик университетинде өткөзүлгөн “Информатика” предмети боюнча олимпиадага кафедранын доценти Н. Аркабаевдин жетекчилигинде ПОВ(б)-2-17 группасынын студенти Бекболот Абдыхалилович Тажибаев катышып, 5-орунду ээледи.




2018-жылдын 30-31-октябрь күндөрү Низами атындагы Ташкент Мамлекеттик педагогикалык университетинде өткөрүлгөн Республикалык олимпиадага катышып 10-орунга жетишти.



**2019**-жылдын 13-апрелинде Ош Мамлекеттик юридикалык институтунда өткөрүлгөн VIII регионалдык олимпиадага кафедранын мүчөлөрү Н. Аркабаев жана А. Абдирасуловдор студенттерди даярдап катышышып, жыйынтыгы төмөнкүчө болду:

Жетекчиси: Аркабаев Н.

1-орун: Тажибаев Бекболот, ПОВ(б)-2-17Р

1-орун: Нурлан уулу Бактияр, ПОВ(б)-2-17Р

1-орун: Эрмекбай уулу Кадырбек, ИСТ(б)-1-16

Жетекчиси: А. Абдирасулов

1-орун: Сатыбалдиева Гулзина, ПИЭ(б)-1-16

1-орун: Абдыганы уулу Бекболот, ПИЭ(б)-1-17

1-орун: Азамат уулу Бекзат, ПИЭ(б)-1-17









**2019**-жылдын сентябрь-октябрь айларында Кыргыз-Россия Славян университети тарабынан уюштурулган Программалоо боюнча студенттик командалык дүйнөлүк чемпионатка (**ICPC**) кафедранын мүчөлөрү Н. Аркабаев жана А. Абдирасуловдордун жетектөөсүндө төмөнкү студенттер: Тажибаев Бекболот, ПОВ(б)-2-17Р, Нурлан уулу Бактияр, ПОВ(б)-2-17Р, Эрмекбай уулу Кадырбек, ИСТ(б)-1-16, (Усманов Темирбек), Абдыганы уулу Бекболот, ПИЭ(б)-1-17, Азамат уулу Бекзат, ПИЭ(б)-1-17, Бахрамов Абдулазиз,

(Абдурайимов Нурсейид) катышышып, чемпионаттын I квалификациялык таймашынан өтүшүп, II туруна жолдомо алышкан. Бирок, бул турунда университет тарабынан каржылоонун камсыз болбогонуна байланыштуу студенттер II турга катыша албай калышты.

**2019**-жылдын 13-сентябрында Программисттер күнүнө карата Программалоо кафедрасы тарабынан МИТ факультетинде программалоо багыты боюнча олимпиада өткөзүлдү. Жооптуулар: Көчкөнбаева Б., Абдирасулов А.

Жыйынтыгы: 1-орун Эрмекбай уулу Кадырбек, ИСТ-1-16,<br>
2-орун Бахрамов Абдулазиз, ИСТ-2-19,<br>
3-орун Азамат уулу Бекзат, ПИЭ-1-17.

Олимпиаданын жеңүүчүлөрү кафедранын дипломдору менен сыйланышты.



